# Кумурада эмне бар?




Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

# Кумурада эмне бар?

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Кумурада эмне бар?» (кыргыз тилинде), автор Айжылдыз Тойчиева,
сүрөтчү Нурлан Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



“Жаныш байкенин короосунан алтын чыгыптыр” деген кабар бир заматта айылды дүң эттирди. Уккан кулагына ишенбей, көзү менен көрүүгө келгендердин саны арбыды. Көрсө, үйдүн пайдубалы үчүн казылып жаткан чуңкурдан көлөмдүү кумуранын чети ачылып калыптыр. Ошондон улам, археологдор тартылып, иш кызуу жүрүп жаткан экен. А алтын тууралуу маалыматты бир ”тентек” жөн эле айтып койсо керек.



– Кумурада эмне бар деп ойлойсуңар? – деди Бектен казуу иштерин кызыгып карап туруп.

– “Джин” болуп жүрбөсүн? – деди Дөөлөт көзүн чекчейтип.

– Ал чайнектин ичинде болот эмеспи. Менин оюмча, кумурада сөйкө, шакек сыяктуу зер буюмдар бар, – деди Асыл.

– Бал сакталса керек, – деди Жазира.

Балдардын баары “кантип эле?” деп чурулдашты.

Көпкө чейин алардын талкуусу ушундай божомолдор менен уланды. Кызыгы, чоң кишилер да балдардан кем калышпай “же алтын бар, же эч нерсе жок” деген эки эле вариантты айтып күбүрөп коюшат.

Балдар археологдун жумушуна кызыга карап турушту. Ал кыл калемдин түрлөрү менен кумуранын бетиндеги топуракты кылдат сүрүп иштеп жатты. Бирөө фотоаппарат менен сүрөткө тартса, экинчиси ошол эле сүрөттү кол менен кагазга чиймелеп жатыптыр. Буга таң калган Бектен четте отурган сүрөтчүнүн жанына акырын барып:



– Фотоаппарат турса, кол менен тартуунун эмне керети бар? – деп сурады.

– Балакай, бул сүрөттөрдүн ар бири отчетко тиркелет. Анан музейге тапшырылат. Фотоаппараттагы сүрөт өчүп калбайт деп ким кепилдик берет. Археологияда жумуш ушундай... – деп жооп берди мурутчан киши.





– Эмнеге музейге тапшыруу керек?

– Ар бир табылга тарых жөнүндө айтып берет. Ошон үчүн эл көрсүн деп музейге коюлат.

Аңгыча элдин күбүр-шыбыры күчөдү. Археологдор табылганы сыртка алып чыгышты. Кумуранын бою бир метрдей экен. Эң кызыгы, археолог кумуранын ичинен эбак куурап калган бир ууч буудайды алып чыкты.

– Буудай кумурага кандайча түшүп калган? – деп балдар аң-таң болушту.

– Илгери жүгөрү, күрүч, нокот сыяктуу дан азыктары өнүп кетпеши үчүн чоподон жасалган кумура-карапаларга салып, жер төлөөлөргө сакташкан, – деди археолог.

Чогулган эл табылган кумурадагы буудай көп жылдар бою сакталганына таң калышты. Божомолдору туура чыкпай калса да, дан азыгы алтындан да баалуу экенин түшүнүп турушту.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли